# Жаш мугалимдер үчүн үйрөтүүчү семинар

**Сабактын темасы:** **Сабакка даярдык көрүү, күндөлүк план жазуу боюнча кеңеш. Заманбап сабактын планын түзүү**

Максаты : Билим берүүчүлүк максаты:

Жаш мугалимдер берилген тапшырмаларды аткаруу менен заманбап сабактын планын түзө алышат .

Өнүктүрүүчүлүк максаты

Пландаштырууга калыптанышат .Чыгармачылык менен иштөөгө машыгышат.Системалаштырууга көнүгүшөт

Тарбиялык максаты

Топто иштөө аркылуу толеранттуулукка, бирөөнүн оюн баалоого ,оз оюн айтууга чыгармачылык менен иштөөгө тарбияланышат

**Өтүү ыкмасы** – топтор менен иштөө
Окуунун журушундо коптогон проблемалык тапшырмала
болот, аларды биргелешип, чыгармачылык менен
аткарбыз.
Уюштуруу: Семинардан эмнени күтөсүнөр?
Азыр 3топко бөлүнүп отурабыз

1топ 2-топ 3-топ

Семинардын катышуучуларын мотивациялоо.жагымдуу маанай түзүү.
1-топ тилчилер тобу.2-топ математиктер тобу 3-топ табыгий илимдер тобу
насаатчы мугалим менен шакирти бирге отурушат.
3 топко бирден суроо берилет.

1-топко Сабак деген эмне?
2-топко Сабактын типтери кандай?
3- сабактын структурасы?

1.“Сабак деген эмне? Аныктама бергиле!

Сабак- мугалимдин жетекчилигинде белгилүү программага ылайык туруктуу расписание боюнча , таанымдык тажрыйбасы жана кураг жагынан кескин айырмаланбаган, курамы туруктуу окуучулар тобу мене белгилүү убакыт алкагында уюштурулган окуу ишинин формасы

**Сабактын тиби** деп кандайдыр бир белгилери боюнча жалпылыгы бар бир нече сабактардын граппасын айтабыз.

**Сабактын структурасы**

Окуу процессинин этаптарынын жыйындысы

## Сабактын типтери

1. Үйрөнүү жана билимди алгачкы бекемдөө сабагы
2. 2. Билимди бекемдөө сабагы
3. 3. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү комплекстүү пайдалануу сабагы
4. 4. Билимди жалпылоо жана системалаштыруу сабагы
5. 5. Текшерүү, баалоо жана билим, билгичтик жана көндүмдөрдү түзөтүү сабагы
6. 6. Аралаш сабак

бакка даярдануу Сабакка даярданууда төмөнкү сунуштарды колдонгула:
Сабакта үйрөнүлө турган программанын бөлүмүн окуп чыккыла.
Бул бөлүмдүн материалын үйрөнгүлө.
Окуу материалын анализдегиле.
Сабактын максатын жазгыла. Сабактын натыйжасында эмнеге жеткиңиз келди деген суроого
оп бериңиз.
Ушул класстын жамаатын, жеке окуучуларды элестетиңиз, алардын сабактын милдетин
каруууга карай кеткен жолун белгилөөгө аракеттениңиз
Ушул класс жана ушул окуучулар үчүн эң натыйжалуу усулдук ыкмаларды тандап алыңыз;
Тандалып алынган ыкмаларды өзүңүздүн мүмкүнчүлүктөрүңүз менен өлчөңүз, өзүңүздүн
бактагы аракеттериңизди аныктаңыз.
Сабактын курамын, анын жүрүшүн ойлонуңуз
План же конспектидеги даярдалгандардын бардыгын белгилеп жазыңыз.
0. Пландын түйүндүү учурларын ичиңизден же үн чыгарып кайталаңыз.
. Өзүңүздү текшериңиз:
кандай фактылар, кандай жалпы түшүнүктөр же белгилер, себеп-натыйжалык байланыштар
бакта өздөштүрүлүшү керек;
аталган сабакта кандай билгичтик калыптанат;
аталган сабакта кандай дүйнө таануу түшүнүктөр, саясий, адеп-ахлактык же эстетикалык
алоолор калыптанышы зарыл;
аталган материалды үйрөнүүдө окуучулардын кандай эмоционалдык реакциясын пайда
луугa болот.

Сабактын түзүлүшү 1. Үйрөнүү жана билимди алгачкы бекемдөө сабагы

Максаты: окуучулар жаңы материалды кабыл алышат, алгач бекемдешет жана аңдап билишет, үйрөнүлүп жаткан обьектидеги байланыштар жана мамилелер тууралуу түшүнүшөт.

Сабактын түзүлүшүнүн варианттары:

1. Сабактын башталышын уюштуруу.
2. 2. Үй тапшырманы текшерүү.
3. 3. Окуучуларды жаңы билимди алууга даярдоо
4. . 4. Жаңы материалды үйрөнүү
5. . 5. Окуучуларга өз алдынча иштөөнүн ар кандай түрлөрү (жеке, топтук иштер) аркылуу окуу материалын жүктөө жолу менен билимди алгачкы бекемдөө
6. . 6. Билимди алгачкы бекемдөө (билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандыруу).
7. 7. Билимди көзөмөлдөө жана өзүн-өзү текшерүү.
8. 8. Сабактын жыйынтыгын чыгаруу.
9. 9. Үй тапшырма тууралуу маалымат.

2. Билимди бекемдөө сабагы

Максат: окуучулар экинчи ирет аларга мурда белгилүү билим тууралуу ой жүгүртүшөт, аларды колдонуу боюнча билгичтик жана көндүмдөрдү иштеп чыгышат.

Билимди бекемдөө процессинин логикасы

1. Таяныч билимдерди актуалдаштыруу жана алардын түзөтүлүшү
2. 2. Чек араларды аныктоо (бул билимдерди колдонуу мүмкүнчүлүктөрү: алардын жардамы менен эмнени аныктаса, кайда колдонсо болот?)
3. 3. Билимдерди сынап колдонуп көрүү
4. 4. Үлгү боюнча жана билимди жаңылышпастан окшош шарттарда колдонуу көндүмдөрүн иштеп чыгуу максатындагы көнүгүү
5. 5. Билимди жаңы шартка өткөрүү көнүгүүсү

## 3. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү комплекстүү колдонуу сабагы

Максат: окуучулар билим, билгичтик жана көндүмдөрдү өз алдынча комплекстүү колдонууну, аларды Билимди бекемдөө процессинин логикасына – жаңы шарттарга алып өтүүнү өздөштүрүшөт.

Билимди бекемдөө процессинин логикасы

1. Билимди чыгармачылык менен колдонуу үчүн зарыл болгон билим, билгичтик жана көндүмдөрдү актуалдаштыруу.
2. Билимди жана ишмердиктин ыкмаларын жалпылоо жана системалаштыруу.
3. Жалпыланган билим, билгичтик жана көндүмдөрдү жаңы шарттарда колдонуу.
4. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү көзөмөлдөө жана өзүн өзү көзөмөлдөө.
5. Билим, билгичтик жана көндүмдөрдү комплекстүү колдонуу сабагында негизги этап болбоду дегенде эки дидактикалык милдетке ээ: билим, билгичтик жана көндүмдөрдү бекемдөө, булардын мамилеси жана системалаштырылышы
6. . Билимди жалпылоо жана системалаштыруу сабагы.


4. Билимди жалпылоо жана систематаштыруу сабагы.

Максат: Окуучулар билимди системада өздөштүрүшөт Билимди систематаштыруу жана сүйлөшүү логикасынын негизинде окуучулардын жеке бир фактыларды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүдөн билимди бир бүтүн системага жалпылоого өтүү ишмердиги жатат. Бул тема, бөлүм боюнча да, маселе боюнча да жүзөгө ашат Каралган логикага сабактын түзүлүшү да дал келиши зарыл. Сабактын бул түрүн ийгиликтүү өтүүдө окуучуларды дыкаттык менен даярдоо негизги ролду ойнойт: теманы (маселени), суроолорду, адабияттарды ж.б. алдын ала кабарлоо. Дагы бир маанилүү учур – окуучулардын сабакта жалпылоочу ишмердүүлүк учурунда керектүү дидактикалык материалдар: таблицалар, статистикалык справочниктер, көрсөтмө куралдар, жалпылоочу схемалар, фильмдин фрагменттери менен куралдануусу. Жалпылоо методикасындагы эң башкы нерсе – бөлүктү бүтүнгө кошуу. 5. Текшерүү, баалоо жана билим, билгичтик, көндүмдөргө түзөтүү киргизүү сабагы Максат: окуучулар өздөрүнүн билим, билгичтик,

## 5. Текшерүү, баалоо жана билим, билгичтик, көндүмдөргө түзөтүү киргизүү сабагы

Максат:

Окуучулар өздөрүнүн билим, билгичтик, көндүмдөрүн бекемдешет жана системалаштырышат ошондой эле материалды андан ары үйрөнүүгө даярдыгын көрсөтүшөт. Окуучунун окуу-таанып билүү ишмердигинин логикасынын негизинде акырындык менен татаалдашуучу милдеттерди билимди комплекстүү камтуу, аларды ар кандай деңгээлде колдонуу аркылуу аткарууга багытталган ишмердик жатат.


Максат
билим
ди
баяндоо
бекемдөө
эстөө
сыноо
Түрлөнтүп
өтүү
болсо
жаңы
көнүгүү
кайталоо
текшерүү
аралаш
сабак